# ОШ ШААРЫНЫН ОШ ДЕП АТАЛЫШЫ ТУУРАЛУУ



Ош шаары деп аталып калышына этимиологиялык кандай аталыштар себеп болгон? Оштун жаралышында элдин оозунда кандай уламыштар, мифтер, болмуштар айтылып келгендигин бүгүнкү оштуктар билишеби? Билген болсо өз варианттарын айтып, үн кошот деген пикирди карманып, сөз баштап отурамын. Адегенде байыркы жана бүгүнкү Оштун көркүнө көрк кошкон Сулайман-Тоонун жылма аска беттерине элеси түшүрүлгөн «асмандан түшкөн сулуу аргымактардын» (дулдул аттар) сүрөттөрү, петроглифтик оймо-чиймелер, түрдүү буюм белгилери, анан албетте, Л.Жусупакматов ачкан «Ош лабиринти» жөнүндөгү маалыматтардан баштайлы.

Байыркыдан бизге белек катары сакталып, ушул күндөрдөгү аска бетиндеги «сүрөт галереялары» бүгүнкү күндө Оштун Сулайман-Тоосунда гана эмес, шаарыбыздын түндүк- батышында 5-6 чакырым алыстыкта көрүнүп турган Сүрөт-Ташта (Көрпө-Таш деп да аталат). Аравандын Чил-Устун тоосундагы сүрөттөр тарых күүсүнүн жаңырыгы сыяктуу көргөн адамга ынтызарлык сезимди ойготоору талашсыз. Нил дарыясынын жээктеринде египет фараондорунун буйруктары боюнча тартылган ташка баткан элестер сыяктуу эле Сулайман-Тоо аска беттериндеги сүрөттөр керемет эстеликтер катары сакталып, рухий энчибизге айланып олтурат.

Аска беттериндеги сүрөттөрдү изилдеген окумуштуулар атап жүрүшкөн «асмандан түшкөн аргымактар» суу ичкени чубалжышып түшүп бараткан

жылкылар мүйүздөрү аркайган аркар-кулжалар, жаасын кере тарткан аңчылар, шуулдап учкан жебелер, эң кызыгы петроглифтерде дөңгөлөктөр, ай, жылдыз элестери таш бетине тартылган. Байыркылардан калган бул аска бетиндеги эстеликтердин сырын ар тараптан ачып үйрөнүүгө, илимий изилдөө иштерин жергиликтүү изилдөөчүлөр Э.Сулайманов, К. Малтаев, Т.Насыров жана башка оштук окумуштуулар учуру келгенде Сулайман-Тоонун аска бетиндеги сүрөттөрдүн сырларын чечмелеп айтып беришине үмүт кылалы. Өткөн кылымдын 80-жылдарында, экинчи жарымында оштук илимпоз Л.Жусупакматов Сулайман-Тоо катып келген дагы бир сырды шаардыктарга жарыя кылдык. Илим табышмактарына жем таштап, коомчулукка бир кыйла резонас жараткан «Ош лабиринти» бүгүнкү күнгө дейре оштук окумуштуулардын бүйүрүн кызыткан, жандырмагы али чечиле элек, чиелешкен «Гордий түйүнү» бойдон калууда.

Эми шаардын аталышынын этимологиялык жагына кайрыла турган болсок, Ош шаарынын алгачкы аталышын бул аймакты эң байыркы учурда мекендеген гуздарга же сактардын дооруна байланыштырышкан. Ош деген аталыштан окумуштуулар көпчүлүк учурларда айланып өтүшкөн. Ош шаарынын тарыхын кыйладан бери изилдеп жүргөн А.Алымбаев «Ошту байыртан бери байырлап келишкен огуздар негиздешкен» деген ойду айтып келип шаардын аталышы байыркы Иран, Туран элдеринин тилинде өгүздү (ыйык буканы) түшүндүрөт деп, андан ары «гош», «ыйык бука» (же тотем) тилден тилге өткөндө өзгөрүлүп айтыларына токтолот. Анан да огуз элдеринде (түрк элдеринде) уйду көбүнчө «хош», «өш» деп айдашат деп өз пикирин бекемдейт.

Ал эми Оштун түптөлүшү жөнүндө уламыштардын көптөгөн варианттары айтыла калып жүрөт. Ошондой уламыштардын биринде мындай деп айтылат. Бир заманда Сулайман пайгамбар өзүнүн көк өгүзүн жонуна чоң ташты жүктөп алып, күндөп-түндөп жол басып бул жакка келет. Эчен күн суусуз чөлдөрдөн өткөн өгүз буркан-шаркан агып жаткан дарыяны кечээр алдында жумурун суулап алганы суудан шимирип, агып жаткан сууну соолутуп таштайт. Ичине кирген суусу менен баса албай ынтыккан, үстүндө көтөрүп турган ташы кошул-ташыл болгон өгүздү Сулайман пайгамбар «өш, өш» деп чапкылайт. Очорулган өгүз үстүнөн ташты пайгамбар оодарып салат, бул жер ошондон тартып Ош деп аталып, оодарылган таш Сулаймандын ташы болуп, ал жер сыйынуучулардын ыйык жайына айланган деген түшүнүк жашап келет. Дагы бир легендада болсо, ушул жерде дыйканчылык кылып жаткан бир адамдын жерди айдоо учурунда өгүз чарчап, аны тургуза албай жаткандыгын жолоочулар көрүшөт. Алиги дыйкан өгүзүн «хош» деп чапкылайт. Кийин ошол жер айылга айланганда, ары-бери ушул аймакка байланыштуу бир нерселерди сөз кылышкан «баягы бир адам өгүзүн, хош- хоштон» тургуза албай жаткан жерде (түрк элдеринде кара малды «хош, ош» деп айдашат) деп айтып жүрүшүп, анан ушул жер «Ош» деп айтылып кетет.

Ал эми Манас эпосунда болсо Ош шаарынын түптөлүшү Манастын өзү менен байланыштуу экендиги баяндалат. Оштук окумуштуу К.Матикеевдин белгилегенине караганда, манасчы Кадыраалынын варианты боюнча Оштун шаары болуп калышы Манастын койчусу Ошпурга байланыштуу экендигин айтат. Анда мындай деп айтылат: элин Алтайдан Ала-Тоого көчүрүп келген Манас Отуз-Адырды аралап, Анжиян тарапка баратып жолуккан дарыяга кечүү тандабастан салып, Аккуласы менен агып барып аркы өйүзгө чыгат. Жээкке чыкканда Манас дарыянын буура сымал мүнөзүн байкап, ага Ак-Буура деп ат коет. Кадыраалы манасчы муну:

«Көрүнгөн менен аз гана,

Кирет экен буурадай.

Аты жок ушул дайраны

Ак-Буура десек туурадай» деп айтат.

Окумуштуу К.Матикеев андан ары легендасын минтип улайт. Манас дарыядан (Ак-Буурадан ) өтүп эс алып турса, тоо тараптан кой жайып жүргөн Ошпурду көрөт. Ошондо Ошпурга карай тоо тараптан жылып түшүп келаткан жолборсту көрө калып «тийбе шерим, тийбегин, ой, ой, чапчып ийбегин» деп бакырат . Аман калган Ошпурду жанына чакырып, «ушул жерге калаа кур» деп айтат. Бул манасчы тарабынан минтип баяндалат.

Ойчул абаң,Ошпурум,

Ойлогону эп экен.

Асмандаган Керме-Тоо,

Батышын тоскон чеп экен.

Көмөктөшүп Ак-Буура,

Чыгыш жагын кылган тоо.

Түндүгүн менен түштүгүн,

Өмөлөп койсо чеп экен.

Ошпур курган бул калаа,

Өз атына Ош болсун.

Ал эми орто кылымдардын баш ченинде Ош шаарынын аталышына «кент» (Ошкент) уланып, Орто Чыгыш өлкөлөрүнө таанымал болгондугун кийинчерээк, айрыкча ислам дининин жайыла баштаган учурдагы шаардын таржымалы тарыхын да сөз кылууга арзыйт. Ошентип Ош миң жылдан ашыгыраак мезгилге созулган орто кылым доорундагы согуш майданындагы кармаштарда колдон колго өтүп, бирок өзүнүн шаардык турпатын сактап гана калбастан, өз жашоосун улантып да келген.


**Кеңеш Казакбаев,**

**Ош шаарындагы №30-орто**

**мектептин тарых мугалими**